| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br><br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br><br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА |
|---|---|---|

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

"28" июль 2026-жылдагы №28 Панфилов айылы

## Курама айыл аймагындагы ички чарбалык ирригациялык, дренаждык тутумдардын жана суу чарба курулмаларынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинен, "Панфилов райондук суу чарба башкармалыгы" мамлекеттик мекемесине өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34,39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 "Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өткөрүү" жөнүндөгү токтомун аткаруу максатында, Курама айыл аймагы боюнча жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгынын негизинде түзүлгөн тизмеге ылайык, 1 жана 2 иреттеги каналдарды жана көлмөлөрдү "Панфилов райондук суу чарба башкармалыгы" мамлекеттик мекемесинин карамагына кабыл алуу боюнча айыл өкмөтүнүн кайрылуусун карап, таанышып чыгып, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Курама айыл аймагындагы муниципалдык менчикте турган, жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгы боюнча түзүлгөн реестрге ылайык:

1960-жылы курулган жалпы узундугу 3,4 км, тейлөө аянты 139 гектар, өткөрүмдүүлүгү 0,2 $м^3$/сек болгон "Хлопковый-Эфиронос" каналы;

1960-жылы курулган жалпы узундугу 4,8 км, тейлөө аянты 407 гектар, өткөрүмдүүлүгү 0,8 $м^3$/сек болгон "Канал Х-5" каналы;

1960-жылы курулган жалпы узундугу 3,0 км, тейлөө аянты 127 гектар, өткөрүмдүүлүгү 0,12 $м^3$/сек болгон "Канал Х-6" каналы;

1960-жылы курулган жалпы узундугу 2,6 км, тейлөө аянты 47 гектар, өткөрүмдүүлүгү 0,05 $м^3$/сек болгон “Канал Заринский” каналы;

1960-жылы курулган жалпы узундугу 3,8 км, тейлөө аянты 485 гектар, өткөрүмдүүлүгү 0,8 $м^3$/сек болгон “Канал Панфиловский” каналы; жалпы саны 5 (беш) ирригациялык канал, узундугу 17,6 км жана тейлөө аянты 1205 гектар болгон ички чарбалык жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгынын негизинде каналдарды "Панфилов райондук суу чарба башкармалыгы" мамлекеттик мекемесинин карамагына кабыл алууга макулдук берилсин.

2. Курама айыл аймагындагы муниципалдык менчикте турган:

1970-жылы курулган пайдалуу көлөмү W=0,02 т.$м^3$, тейлөө аянты 920 гектар болгон “БСР №2” суу обьектиси;

1970-жылы курулган пайдалуу көлөмү W=0,004 т.$м^3$, тейлөө аянты 20 гектар болгон “Сай” тундургуч суу обьектиси;

1959-жылы курулган пайдалуу көлөмү W=0,015 т.$м^3$, тейлөө аянты 162 гектар болгон “Сасы-Кол Жайылма” көлмөсү;

1970-жылы курулган пайдалуу көлөмү W=0,015 т.$м^3$, тейлөө аянты 88 гектар болгон “Эфиронос” көлмөсү;

жалпы саны 4 (төрт) суу сактагыч, жалпы пайдалуу көлөмү 0,054 млн.$м^3$ жана тейлөө аянты 1210 гектар болгон ирригациялык объекттер "Панфилов райондук суу чарба башкармалыгы" мамлекеттик мекемесинин карамагына кабыл алууга макулдук берилсин.

3. "Панфилов райондук суу чарба башкармалыгы" мамлекеттик мекемесине өткөрүп берүү боюнча тиешелүү иш жүргүзүү Курама айыл өкмөтүнүн башчысы М.Т.Бейсембаевага милдеттендирилсин.

4. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.

5. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**